Ажибекова Айзада Токтогуловнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **“Математика курсу боюнча окуу-методикалык комплекстерди түзүүнүн жана аны колдонуунун методикасы (9-класстын алгебрасынын мисалында)”** деген темадагы 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) диссертациясына эксперттик комиссиянын мүчөсү, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Касымалиев Муратбек Усонакуновичтин

## Эксперттик корутундусу

Эксперт, изденүүчү Ажибекова Айзада Токтогуловна тарабынан жазылган **“Математика курсу боюнча окуу-методикалык комплекстерди түзүүнүн жана анын колдонуунун методикасы (9-класстын алгебра предметинин мисалында)”**деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй тыянакка келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине дал келет.

Иште 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (математика) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү атайын жалпы орто билим берүүчү мектептердин окуучуларына окуу-методикалык комплекстеринин жардамы менен окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүктөрүн жана алардын мүмкүнчүлүктөрүнө карата дифференцирленген мамилени камсыз кылуучу инсанга багытталган заманбап окутуунун каражаты экендиги маселелерине изилдөө жүргүзүлгөн.

**2. Иштин максаты катары:** жалпы орто билим берүүчү орто мектептердин 9-класстын алгебрасынын мисалында төмөнкү милдеттерди чечүү менен математика курсу боюнча окуу-методикалык комплекстерди түзүүнү өнүктүрүү жана аны окуу процессинде колдонууга сунуштоо.

Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Проблема боюнча психологиялык-педагогикалык, методикалык жана математикалык адабияттарды талдоо жүргүзүү менен окуу-методикалык комплекстерди түзүүнүн жана колдонуунун теориялык жана практикалык маанисин аныктоо;

2. 9-класстын алгебрасы боюнча дифференцирлеп окутууга жана практикалык-прикладдык мазмундагы маселелерге багытталган окуу-методикалык комплексти иштеп чыгуу;

3. Мектептеги математика курсун окутуунун методикалык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү менен аларды колдонуунун жолдорун аныктоо;

4. Иштелип чыккан окуу-методикалык комплексти окуу процессинде колдонуунун натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана практикалык сунуштарды көрсөтүү.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ ...
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 31 « 26 » 03 2024 ж.

Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары, методдору ж.б.у.с) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгү диссертациянын экинчи бөлүмүндө негизделген.

Диссертациянын изилдөө объектиси, диссертациянын максаты жана милдеттерине ылайык келет. Изилдөө методдору диссертациянын ар бир милдеттерине ылайык келтирилген. Изилдөөдө: теориялык-изилденүүчү проблема боюнча илимий-методикалык адабияттарды, иш программаларды жана окуу китептерди талдоо; эксперименттик-байкоо, аңгемелешүү, анкеталоо, тестирлөө, педагогикалык эксперимент жүргүзүү жана эксперименттин жыйынтыктарын сандык жана сапаттык талдоо сыяктуу илимий методдор колдонулган.

**3. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:** КРнын “Билим берүү жөнүндөгү” законунда жана КР президентинин 2021-жылдын 4-майындагы №200 токтомунун негизинде 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасында, ошондой эле 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында билим берүү саясатындагы глобалдаштыруу, технологияларды өнүктүрүү жана санариптештирүү, социалдык-экономикалык дифференциация жана демографиялык тенденциялар боюнча негизги багыттар аныкталган. Мында жалпы орто билим берүү системасын реформалоо жана модернизациялоо жолдору каралып, дүйнөлүк стандарттын заманбап талаптарына жана шарттарына туура келген инсандын интеллектуалдык, физикалык жана руханий өнүгүүсүн калыптандыруу милдеттери көрсөтүлгөндүгүн мамлекеттин өнүгүү концепцияларындагы документтерин анализге алган.

Натыйжада аталган милдеттерди чечүү окуу-тарбия процессинин педагогикалык маселелеринде коюлган суроолордун белгилүү деңгээлге өзгөрүүсүн талап кылат. Ушуга байланыштуу жалпы билим берүүчү орто мектептин билим берүү системасында математикалык билим берүүнү модернизациялоонун негизги маселелеринин бири санариптештирүү багытындагы заманбап окуу материалдарын түзүү жана иштеп чыгуу болуп саналат.

Жалпы билим берүү мектептеринде математикалык билим берүүнү дифференциациялоо окуу программасын, методикалык колдонмолорду, дидактикалык материалдарды, окуучулардын жетишүү деңгээлин баалоо боюнча кошумча материалдарды, практикалык иште колдонуучу сунуштамаларды жана окуу-методикалык комплексттерди (ОМК) санариптик платформаларда иштеп чыгып окуу процессинде окуучулардын өз алдынча иштөөлөрүндө, билимдерин өркүндөтүүдө колдонууну талап кылат.

Математика боюнча окуу китептерин жана окуу методикалык комплекстерин түзүүгө карата бир топ изилдөөлөр жүргүзүлгөндүгүн диссертант илимий ишинде анализдеп чыгып, кыргыз жана чет элдик авторлордун эмгектеринин көптүгүнө карабастан, жалпы билим берүү мектептери үчүн математика курсу боюнча окуу-методикалык комплекстерин

түзүү жана колдонуу боюнча изилдөөлөр аз санда жүргүзүлгөндүгүнө далилдүү анализдеп илимий ишинин актуалдуулугун аныктаган.

**4. Илимий натыйжалар:** Иште педагогикалык илимдеринин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ төмөндөгүдөй илимий негизделген жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

- илимий ишке коюлган проблема боюнча психологиялык-педагогикалык, методикалык жана математикалык адабияттарды талдоо жүргүзүүнүн негизинде окуу-методикалык комплекстерди түзүүнүн жана колдонунун теориялык жана практикалык мааниси аныкталып берилди;
- 9-класстын алгебрасы боюнча дифференцирлеп окутууга жана практикалык-прикладдык мазмундагы маселелерге багытталган окуу-методикалык комплекси иштелип чыккан;
- жалпы орто билим берүүчү мектептеги математика курсун окутуунун методикалык өзгөчөлүктөрү көрсөтүлүп, алардын колдонулуштары каралган;
- иштелип чыккан окуу-методикалык комплексти окуу процессинде колдонуунун натыйжалуулугу педагогикалык экспериментте текшерилип, практикалык сунуштар көрсөтүлгөн.

Квалификациялык белгилерге туура келиши: Изилдөөнүн алкагында алынган натыйжалар педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгарууга тиешелүү квалификациялык белгилерге туура келет

**5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

9-класстын математика курсу боюнча түзүлгөн окуу-методикалык комплексин (окуу куралы, методикалык колдонмолор, сабактын иштелмелери, жумушчу дептерлер ж.б.) орто мектептердеги математика мугалимдери, болочок математик мугалимдерди даярдоочу билимин өркүндөтүү курстарда колдонсо болот. Бул окуу-методикалык комплекс математика мугалимдерине кошумча материал катары жардам көрсөтө алат жана окуучулардын билим сапатын жогорулатууга жардам берет. Moodle информациялык системасында иштелип чыккан ОМКнын электрондук коштоосун практикада бардык окуучулар колдоно алса же «Электрондук мектеп» деп аталган платформага киргизилсе иштелип чыккан ОМК эң жакшы окуу электрондук материал болуп кызмат кыла алат дагы бардык окуучулар кошумча даярданууда жакшы жардамчы даяр окуу материалы боло алмакчы.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши:** Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**7. Айрым мүчүлүштүктөр:**

1. ***Эмпирикалык маалыматтардын чектелгендиги:*** эмпирикалык далилдердин бар экендигине карабастан, окуу топторунун жана мектептердин тандалышы өтө эле чектелүү болуп, натыйжалардын башка билим берүү контексттерине жайылышын азайтышы мүмкүн.

2. ***Санариптик платформалардын колдонулуш шарттары жетишсиз берилген:*** диссертацияда Moodle системасын колдонууда азыркы учурда окуу процессинде санариптик технологияны колдонуу шартындагы онлайн убакта же автономдуу иштеген платформалардын жардамы менен дифференцирленип түзүлгөн тапшырмаладын колдонулуш процесси так даана көрсөтүлгөн эмес.

Санариптик платформанын деги эле окуу процессиндеги колдонулушу фрагментардык түрдө көрсөтүлүп калгандай.

3. ***Практикалык сунуштардын чектелүүлүгү:*** практикалык сунуштар бөлүмүндө жалпы түшүнүк берилет, бирок сунушталган методикалык ыкманы ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн конкреттүү кадамдар же санариптик платформалардын колдонулушу системалуу көрсөтүлгөн эмес.

4. Изилдөө иши боюнча изилдөөчүнүн жеке өзү 13 (он үч) илимий макала жана илимий жетекчиси менен биргелешип 3 (үч) макаласы жарыяланган. Авторефератта адабияттардын тизмесинен көрсө болот.

5. Авторефератта көрсөтүлгөн илимий макалалардын алтоо (6) гана диссертация көрсөтүлгөн.

**8. Сунуштар:** Жогоруда айтылган кемчиликтерди оңдоо жана каталарды тууралоо.

**9. Корутунду:** Кыргыз Республикасынын негизги орто билим берүүчү мектептеринде 9- класстагы Математика боюнча ОМКнын фундаменти окуу китебине таянгандыктан, окуу китебинин маңызы аныкталды жана окуу китебинин функционалдык өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүүнүн негизинде окуу китебинин функциялары негизги жана кошумча маанилери боюнча классификацияланган (негизги: билим берүүчү, тарбия берүүчү жана өнүктүрүүчү функциялар). Математика курсун ОМКнын негизинде окутууда окуучулардын билим сапатын жакшыртууга шарт түзүлө тургандыгы далилденген. Теориялык изилдөө жана окуу китебинин мазмунунун, структурасынын жана функцияларынын анализи окуу-методикалык комплексинин мазмунун системалуу иштеп чыгууга, комплекстин курамын түзүүгө жана негизги талаптарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүктөрү белгиленген А.Т. Ажибекованын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **"Математика курсу боюнча окуу-методикалык комплекстерди түзүүнүн жана аны колдонуунун методикасы (9-класстын алгебрасынын мисалында)"** деген темадагы диссертациясы КРнын УАКнын талаптарына жооп берет, өз алдынча аткарылган жана бүткөрүлгөн изилдөө болуп саналат. Ошондуктан жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөр менен кемчиликтерди эске алып, ондоп түздөгөндөн кийин Д 13.23.681 диссертациялык кеңештин отурумунда алдын ала коргоого койсо болот.

**Эксперт**
**Педагогика илимдеринин кандидаты,**
**доцент: М.У.Касымалиев**

Дата поступления в ДС Д 13.23.681 26.03.24
Ученый секретарь